УДК 372.8 (575.2) (04)

**Козубаев Өскөн Козубаевич,**
философия илимдеринин доктору, профессор

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН АКТУАЛДУУЛУГУ

**Козубаев Осхон Козубаевич,**
философия илимдеринин доктор, профессор

# АКТУАЛЬНОСТЬ ПРОВЕДЕНИЯ ФИЛОСОФСКИХ ИССЛЕДОВАНИЙ НА КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

**Kozubaev Oskhon Kozubaevich,**
philosophy ilimderinin doctor, professor

# THE RELEVANCE OF PHILOSOPHICAL RESEARCH IN THE KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация.** Макалада Кыргызстанда философиялык изилдөөлөрдү кыргыз тилинде жүргүзүүнүн абалы жана актуалдуулугу тууралуу сөз болот. Ал-Фараби жана Гегель философияны өз этникалык тилдеринде сүйлөтүү үчүн кандай аракеттерди көргөндүгүнүн мисалында тил жана философия диалектикасынын айрым концепттери талдоого алынат.
**Негизги сөздөр:** Тил, кыргыз тили, философия, ойчабыт, тааным, философия, лингвистика, лингвофилософия, илим, сөз, түшүнүк.

**Аннотация.** В статье речь идет о состоянии и актуальности ведения филосфских исследований в Кыргызстане на кыргызском языке. На примере действий Аль-Фараби и Гегеля для проведения исследований по философии на своих этнических языках анализируются отдельные концепты диалектики языка и философии.
**Ключевые слова:** Язык, кыргызский язык, философия, мышление, познание, философия, лингвистика, лингвофилософия, наука, слово, понятие.

**Annotation.** The article deals with the state and relevance of conducting philosophical research in Kyrgyzstan in the Kyrgyz language. Using the example of the actions of Al-Farabi and Hegel to conduct research on philosophy in their ethnic languages, separate concepts of the dialectic of language and philosophy are analyzed.
**Keywords:** Language, Kyrgyz language, philosophy, thinking, cognition, philosophy, linguistics, linguophilosophy, science, word, concept.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген "Улуттук дем-дүйнөлүк бийиктик" уңгужолунда (доктринасында) "илимдин өнүгүшү менен мамлекеттин өнүгүшүнүн бири-бири менен өтмө катар байланышта экендигин таануу – илим тармактары өнүкпөгөн мамлекеттин келечеги жок экендигин, келечеги жок мамлекетте илим тармактары өнүкпөй тургандыгын дайыма эске алуунун" **[1]** зарылдыгы тастыкталды. Мындан улам, илимдин өнүгүү деңгээли канчалык бийик болсо, мамлекеттин социалдык-экономикалык, маданий-интеллектуалдык дарамети да ошончолук жогорулайт. Ошондуктан илимдин өнүгүүсү, болгондо да кыргыз тилиндеги илимий ийгиликтер – мамлекеттик өнүгүүнүн бирден-бир зарыл өбөлгөсү.

Кыргызстан эгемендикке ээ болгон алгачкы жылдардан тартып илимди кыргыз тилинде сүйлөтүү маселеси көтөрүлдү. Сүйлөтсө "болот", "болбойт" дегендей ар кыл

пикирлер айтылды. Акырындык менен ал маселе да ишке аша баштады. Азыркы күндө илимдин түрдүү тармактары боюнча эне тилибизде жазылган монографиялар, энциклопедиялар, макалалар жарыяланып жаткандыгына күбөбүз. Ал эми азыр биз классикалык деп атап жүргон илимди XX кылымдын 20-жылдарында эле кыргыздан чыккан биринчи профессор Касым Тыныстанов кыргызча сүйлөтүп баштаган. Кыргыз тилинин грамматикасын түзүү менен гана чектелип калбай, ал киши кыргыз тилинде алгач ирет Социалдык-экономикалык сөздүктү иштеп чыккан.

Уңгужолдо таасын айтылгандай "кыргыз элинин жарандык аң-сезимин калыптандырууда, өлкөнүн өнүгүшүндө, улуттук маданияттын сакталышында мамлекеттик тилдин орду өзгөчө" **[1]**. Бул жобонун илимдин мамлекеттик тилде өркүндөөсүнө да түздөн-түз тиешеси бар экендигинде шек жок.

Илим – социалдык кубулуш катары адамзаттын жаратылыш, коом, ойчабыт (мысль) тууралуу объективдүү, ар тараптуу билимдерге негизделген таанып-билүүчү иш-аракети. Ал таанып билүү менен гана чектелип калбастан изилдөөлөрдүн натыйжасында белгилүү бир теориялык тыянактарга жетип, аларды материалдык жана руханий турмуштун кайсыл салаасында, жаатында болбосун иш жүзүндө колдонууга, жүзөгө ашырууга багытталат. Ушундай жол менен илимий-техникалык прогресс коомдук өнүгүүнүн улам жаңы баскычтарга көтөрүлүүсүнө жол ачат. Кыргызстандагы философиялык илимдердин тармактарында да кыргыз тилиндеги изилдөөлөрдү жүргүзүү иши кийинки жылдары улам жанданып бара жатат. Белгилүү болгондой кыргыз философиялык ойлом (ойтолгоо) тарыхы элдин жалпы басып өткөн жолу менен туташ байланышта протофилософиялык-философемалык деңгээлде (формада) калыптанып, коомдук мамилелер илгерилеген сайын өнүгүп жүрүп отургандыгы кыргыз философторунун кыргызча да, орусча да жазылган эмгектеринен белгилүү. Кыргыз философия илимин эне тилде сүйлөтүүгө аракет баштагандардын алгачкыларынын бири академик А. А. Салиев өзүнүн 1981-жылы кыргызча жазылган "Акыл-эс дүйнөсү жана көркөм элес" аттуу эмгегинде элдик акыл-эс коомдук аң-сезим формасында "өзүнүн түркүн татаал жолдорунда Ата-журтта уюп, анан кийинки өмүрдө бекиген сезим-түшүнүктөргө таянып улам өнүгүп, жүрүп отурган", - деп жазат **[2. 203]**. Албетте, бул жаатта жүргүзүлгөн изилдөөлөр улам арбындап барат. А. А. Салиев ошол эле китебинде "философия илиминин улам алдыга умтулган аракетинде кыргыз окумуштууларынын өз тилинде жазган эмгектери да кыйла ролду ойноодо" **[2.9]** – деп А. А. Алтмышбаевдин, Т. А. Абдылдаевдин, Т. А. Аскаровдун, Н. К. Кулматовдун, К. М. Молдобаевдин, А. Т. Табалдиевдин аттарын атайт.

Отуз жылдан ашуун убакытта адаттагыдай кыргыз философиясынын тарыхы боюнча гана эмес, философиянын классикалык деп таанылган онтологиялык, гносеологиялык жана башка маселелери боюнча да теориялык изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Эгерде Советтик коомдо философиялык изденүүлөр деерлик бардыгы орус тилинде гана жүргүзүлүп келгендигин эске алсак, кийинки жылдардагы кыргыз тилинде жазылган эмгектер улам барган сайын лексикалык, терминдик, түшүнүктүк-категориялык жактан бара-бара кадимкидей калыптанып жаткандыгы байкалат. Академиялык философия илимин кыргыз тилинде жүргүзүү бир убакта мүмкүн эместей көрүнсө, азыр диссертациялар жакталып, макалалар, монографиялар жазылып жатат. Ушунун бардыгы кийинки отуз жылда жасалып жаткан аракеттер.

Айтылгандарга байланыштуу дүйнөлүк, мейли Азиялык, мейли Европалык болсун, философиянын тарыхындагы айрым бир урунттуу мисалдарга кыскача токтолсок. Мисалы, Ал-Фараби грек философторунун эмгектери менен иштегенде грек тилиндеги көптөгөн терминдерди араб сөздөрү менен туюнтуп, философиялык-логикалык, социалдык-этикалык терминологияны иштеп чыккан. Ал кадимки эле күндөлүк турмушта колдонгон сөздөргө абстракттуу терминдик туюм берген. Негизи Ал-Фараби илимдерди классификациялаганда тил жөнүндө илимди жогору баалап, лингвистиканы илимдердин илими деп биринчи орунга койгон. Экинчи орунда – логика. Ал-Фарабинин тил, сөз маданияты, лингвофилософия жөнүндөгү ойчабыттары анын "Тамгалар тууралуу трак-

тат", "Илимдер тууралуу трактат", "Логикага киришүү" сыяктуу эмгектеринде орун алган **[3].** Бул эмгектеринде ойчул лингвофилософияга тиешелүү болгон тил жана анын маңызы, тилдин табигый жаралышы, илимдин структурасындагы тилдин ролу жана орду сыяктуу көөнө маселелерди караган. Жалпылап айтканда Ал-Фараби Чыгыш философиясында алгачкы болуп философиянын логикалык-лексикалык инструментарийин иштеп чыккан. Тилдик лексеманы ойчул үч формага бөлгөн: 1) диндин тили; 2) карапайым элдин тили; 3) илимдин тили.

Дүйнөлүк философиянын үлгүлүү формаларынын бири - классикалык немец философиясы экендигин билебиз. Классикалык немец философиясы деген аталыш Ф. Энгельстин " Людвиг Фейербах жана классикалык немец философиясынын соңу" аттуу эмгегинен кийин колдонула баштаган. Ошол атактуу философиялык мектептин калыптануу тарыхы отуз жылды камтыйт. Белгилүү болгондой, классикалык немец философиясынын өкүлдөрү - И. Кант, Г. Гегель, И. Фихте, Ф. Шеллинг. Канттын "Таза акыл-эстин сынагы" (Критика чистого разума) аттуу фундаменталдык трактаты 1781-жылы жарык көргөн. Ошондо Фихте – 19 жашта, Гегель – 11 жашта, Шеллинг – 6 жашта экен. Фихте – студент, Гегель – гимназист, Шеллинг – али мектепке бара элек. Бул XVIII кылымдын аягы. Ошол жылдары Генрих Фосс - белгилүү акын, котормочу "Одиссея" менен "Илиаданы" биринчи жолу немец тилине которгон.

Гегель кийин философиялык атактуу эмгектерин жаза баштаганда Канттын аталган эмгегин кайрадан окуп, анын тили, стили жакпагандыгын, Канттын философиясы чала немец тилинде жазылып, негизги терминдер латын тилинде туюнтулгандыгын белгилеп, бул эмгек жарымы немец, жарымы латын тилинде жазылган деп баалаган. Ошондон улам Гегель 1805-жылы "Рухтун феноменологиясы" (Феноменология духа) аттуу трактаты жазылып жаткан учурда Генрих Фосско жазган катында Фосстун котормосундагы "Одиссея" жана "Илиада" немец тилинде жаңы лексикалык формада чеберчилик менен жеткилең которулгандыгына токтолуп, өзү да философияны таза немец тилинде сүйлөөтүүгө аракеттенээрин айткан.

Ошондон үч жыл өтүп, 1808-ж. француздар Берлинди басып киргенде И. Фихте немец улутуна кайрылып, Наполеонду Европа элдерин феодалдык эскичил коомдук мамилелерден куткаруучу күч деп санап, немец тилин кеңири пайдалануу менен, тилдин күчү менен улуттук рухту көтөрүүгө үндөгөн. И. Фихте улутту, анын тилин, улуттук ой-сезимин бир бүтүндүктө карап, улуттук жаңылануунун, жаңы долбоорлорду ишке ашыруунун каражаты деп эсептеген. Улут, тил, улуттук ой-сезим жана улуттук саясат баары бир бүтүндүктө болгондо гана улуттук өнүгүү болоруун Гегель да тастыктаган.

1801-жылы Шеллингдин алгачкы эмгектери системаланып басылып чыга баштаган. Бул Канттын жогоруда аталган эмгеги (1781-ж.) басылып чыккандан жыйырма жылдан кийин, 1806-жылы күзүндө Гегелдин "Рух феноменологиясы", 1812-жылы "Логика илими" (Наука логики) басмадан жарык көрөт. Ошентип, "Таза акыл-эстин сынагы" (Критика чистого разума) жарык көргөн 1781-жылдан тартып бар болгону отуз бир жылдын ичинде немец классикалык философиясынын негиздөөчүлөрү - Гегелдин, Фихтенин, Шеллингдин классикалык философиялык эмектери жарык көргөн жана Европада, ал гана эмес бүткүл дүйнөдө буга чейин болуп көрбөгөн жаңы философиялык мектеп түзүлгөн.

И. Канттын жогоруда айтылган трактаты жарык көргөнгө чейин немец тилиндеги философиялык изилдөөлөрдүн акыбалы кандай болгон? Кызыгы, XVII кылымдын соңку мезгилине чейин немец тилинде академиялык философиялык изилдөөлөр болбоптур, "Библиянын" өзү немец тилине Мартин Лютер тарабынан биринчи жолу 1521-жылдан грек тилинен немец тилине которулуп баштап, 1534-жылы толук тексти жарыяланат. Бул котормо соңунда немецтик адабий тилдин үлгүлүү негизи болуп калган. 1687-жылы Христиан Томазиус Лейпциг университетинде биринчи жолу укук философиясы боюнча немец тилинде лекция окуган жана немец тилинде биринчи жолу философиялык эмгектерди жазып, философиялык терминдерди иштеп чыккан. Ошол эле Х. Томазиус 1688-1690-жылдарда ай сайын чыгуучу "Илимий маектер" аттуу журналды немец тилинде чыгарган, 1720-30-жылдарда

Х. Вольф, Х. Баумейстер, А. Баумгартен сыяктуу изилдөөчүлөр немец тилиндеги алгачкы схоластикалык деңгээлдеги философиялык эмгектерин жарыялай баштаашкан. Алардан кийинки чоң баскыч жогоруда айтылгандай И. Канттын, И. Фихтенин, Г. Гегелдин, Ф. Шеллингдин философиялык окуулары болгон. Жалпылап айтканда, отуз жылдын ары жак-бери жагында азыр дүйнөдө эчендеген философторду ойго салып түйшөлткөн классикалык немец философиясы, Гегелдин сөзү менен айтканда таза немец тилинде калыптанган **[4].** Учурдан пайдаланып дагы бир-эки мисалды айта кетсек болот. Тарыхта белгилүү болгон кадимки эле кардинал Ришелье мындан төрт жүз жыл мурда француз тили адабий тил болуу менен гана чектелип калбастан, алды менен ал илимдин тилине айлануусу зарыл деген маселе койгон. Же кечээ эле XX кылымдын башталышына чейин түрк тилинде арабизм жана фарсизм элементтери үстөм болуп, таза жазма түрк тилин түзүү зарылдыгы күн тартибине коюлган. Жүрө-жүрө бул маселе курч саясий деңгээлге көтөрүлөт. Натыйжада 1923-жылы Мустафа Кемел Ататүрк биринчи президент болуп, Түркия Республикасы түзүлгөндө көптөгөн социалдык-экономикалык, маданий багыттагы реформалардын орчундууларынын бири катары тил реформасын жүргүзүү маселеси каралган. Алфавитти, грамматиканы, лексиканы камтыган бул реформанын бирден-бир максаты түрк тилине аралашкан араб, фарси, француз сөздөрүн улам азайтууну көздөгөн. Эгерде 1920-жылдары түрк жазма тилинде колдонулган сөздөрдүн 80 % башка тилдердеги сөздөрдөн турса, 1980-жылдардын башында мындай көрсөткүч 10% гана түзгөн **[5],** азыр андан да аз, себеби учурда Түркиянын Орто-Азия элдери менен карым-катышы күч алып, бир гана экономикалык эмес маданий багытта да өз ара кызматташуу кеңейүүдө. Бул албетте тилдик фонологиялык-лексикалык, этимологиялык байланыштарды арттырат.

XX кылымдын 50-жылдарынан тартып Кыргызстанда атайын философиялык изилдөөлөр системалуу түрдө жүргүзүлө баштаган. Ал изилдөөлөрдүн көч башында академик А. А. Алтмышбаев туруп, өмүрүнүн аягына чейин философиялык изилдөө иштерин жүргүзүп келди. Академиктин алгачкы ири изилдөөлөрүнөн болгон кыргыз элинин философиялык жана коомдук-саясий көз караштарын тарыхына арналган макала 1956-жылы Москвада "Очерки истории философской и общественно-политической мысли народов СССР" аттуу эмгектин 2-томунда жарыяланган **[6. 818-825].** Андан кийин А. А. Алтмышбаевдин кыргыз элинин философиялык көз караштарына тиешелүү китептери жана макалалары көп жарыяланды.

XX кылымдын 50-80-жылдарында кандидаттык, докторлук диссертацияларын коргогон А. Алтмышбаев, А. Салиев, Б. Аманалиев, А. Табалдиев, Р.Ачылова, Т. Каракеев, А. Какеев, А. Элебаева жана башка бир топ философ окумуштуулар диссертацияларын орусча жазышкан. Биздин муун да ошол эле жолду басып өттүк. XX кылымдын 90-жылдарынан тартып гана кыргыз тилинде алгачкы диссертациялар кеңири жазыла баштады. Бирок, Совет бийлигинин тушунда да философ окумуштуулардын аздыр-көптүр китептери, макалалары кыргыз тилинде жарык көрүп турган. Белгилүү болгон маалыматтарга ылайык Кыргызстанда алгачкы философ окумуштуулар К. П. Ярошевский, Ш. М. Герман алгачкы жогорку окуу жайлары болгон Пединститутта (1939) азыркы Медициналык академия философиядан лекцияларды окушкан. Н. А. Бorткевичтин "Идеализм жана материализм" аттуу макаласы 1939-жылы орус жана кыргыз тилдеринде жарыяланган **[7. 175].**

А. И. Нарынбаев философия боюнча кыргыз тилинде макалаларды, китептерди жазган алгачкы окумуштуулардын бири. Анын "Тарыхый материализм деген эмне?" аттуу китеби 1958-жылы, Б. А. Аманалиев менен биргеликте жазылган "Марксисттик философиянын классикалык эмгектери" аттуу китеби 1959-жылы жарык көргөн. Ушул жерден Т. А. Абдылдаевдин "Диалектиканын актуалдуу маселелери" аттуу китебин да атап өтүү зарыл. Кийинки жылдары улуттук мамилелер, улуттук каада-салт, жаштарды тарбиялоо маселелери боюнча А. Табалдиевдин "Жаңы адам жана бош убакыт" аттуу китеби 1962-жылы, "Айыл маданияты жөнүндө сөз" аттуу китеби 1966-жылы, философиянын

эстетикалык маселелерине тиешелүү Т. Аскаровдун “Көркөм образдар дүйнөсүндө” аттуу китеби 1967-жылы “Эстетикалык жаңы сапаттарга карай” аттуу китеби 1980-жылы, К. Матиевдин “Турмуш художниктин көзү менен” аттуу китеби 1970-жылы, үй-бүлөлүк жана улуттук мамилелер боюнча адис Р. Ачылованын “Бош убакытты жаштар кандай пайдаланат?” аттуу китеби 1972-жылы, М. Абдылдаевдин “Кыргызстанда атеисттик көз караштын калыптанышы” аттуу китебин 1982-жылы, “Адабият жана атеисттик тарбия” аттуу китеби 1986-жылы, Ж. Бөкөшовдун “Таанып билүүнүн табышмактары” аттуу китеби 1988-жылы, К. Ибраимовдун “Адабият, адам жана дүйнө” аттуу китеби 1986-жылы жарык көргөн. Мындай мисалдарды дагы улантсак болот. Бир баса белгилеп айтчу сөз, диссертациялык коргоолор орус тилинде жүргүзүлгөн, себеби диссертациялар Союздун Москвадагы Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан гана бекитилген. Ал эми XX кылымдын 90-жылдарынан тартып эгемендиктин шарданы менен кырдаал өзгөрдү. Бирин-сериндеп диссертациялар кыргыз тилинде жакталып, китептер, макалалар байма-бай жарык көрө баштады. Кийинки жылдарда философиялык илимий изилдөөлөрдүн кыргыз тилинде жарыялап жүргөн авторлордун айрымдарын атай кетүүгө болот. Алар академиктер А. Какеев, Ы. Мукасов, О.Тогусаков, корреспондент-мүчө Т. Аскаров, профессорлор А. Бекбоев, Ж. Бөкөшов, М. Жумагулов, Ө. Козубаев, К. Сариева ж.б. Кыргыз тилинде макалалар, монографиялар гана жазылбастан философиялык эссе жанры да улам жанданып барат. Мисалы, профессор А. Бекбоевдин бир нече китептери жарык көргөндүгүн айтсак болот. Философиялык эссеизм – бул филодоксия сыяктуу эле философиялык изилдөөлөрдүн өзгөчө бир жанры.

Эссеистик чыгармачылык тууралуу сөз болгондо, философиянын тарыхында М. Монтен, А. Камю, М. Мамардашвили сыяктуу ысымдар аталат. Эссеизмде философияга мүнөздүү болгон антропологиялык, доксологиялык, онтологиялык, эпистемологиялык элементтер камтылат. Канткенде да кыргыз философия илими үчүн эссеистика жаңы жанр, бирок философияга альтернатива эмес.

“Алды менен сөз болгон”,- деп айтылат. Бул акыйкатпы? Балким, алды менен ой болгондур? Айта берсең учугу улана берген узун кеп. Баягы тоок биринчиби же жумурткабы? деген сымал. Тил менен ойчабыттын өз ара диалектикасы алардын бири-бирин шарттап тургандыгында, тил аркылуу сөз формасында ойдун туундусу айтылат. Демек адамдын ойчабыты тил менен органикалык байланышта болот. Тил адамдын аң-сезиминин, акыл-эсинин туундуларын сөз менен туюнтуучу каражат.

Аң-сезим, ойчабыт жана тилдин бirimдиги тууралуу Гераклит, Платон, Аристотель ж.б. ой калчап, алардын ажырагыс биримдигин тастыкташкан. Ошондон “логос” термини жаралып, сөздүн түз маанисинде философиялык ойчабыт менен сөздүн ажырагыс биримдигин туюнтат.

В. Гумбольдттун “Тил философиясы” теориясына ылайык адамдын аң-сезими аркылуу анын дүйнөтүшүнүгүсү, сөз байлыгы, тилдин коммуникативдик функциясы калыптанат. Эгерде адам сүйлөбөй эле ойлонгондо да ал ойду сөз калыбына салып калчайт. Ошондон улам тил аң-сезимдин, акыл-эстин өнүгүшүн шарттаган, адамдын билим деңгээлин байыткан инструменттин ролун аткарат. Тил аркылуу гана биздин көз караштарыбыз, сезимдерибиз, ойчабытыбыз башка адамдарга берилет же текст формасында кагаз бетине жазылат. Сөз, сүйлөм аркылуу бир адам экинчи адамга өз оюн жеткире алат. Сөздүн күчү канчалык экендигин басма сөз каражаттарынын тарыхы айкын тастыктап турат. Жалпы сырткы дүйнөнү, анын толгон-токой сырларын, байланыштарын, карама-каршылыктарын, табышмактарын таанып билүүнүн улам өркүндөөсү, илим-билимдин улам байышы тилдин, анын сөз корунун улам баюусуна алып келет. Аң-сезимдин мазмуну, кудурет күчү тигил же бул элдин жалпы цивилизация менен мейкиндик жана мезгилдик байланышы аркылуу шартталат. Ошол байланышка жараша улуттук тил, улуттук маданият калыптанат. Тил улуттар аралык, маданияттар аралык байланышты бекемдөөдө алмаштырылгыс каражат. Тилдин тарыхый өнүгүшү өзүнүн тактыгы, ачык айкындыгы менен айырмаланган илимий категориалдык түшүнүктөрдү семантикалык-мазмундук жактан

калыптандырат. Жалпы элдик тилден илимдин өзүнүн бир бүтүн системаланган тили түзүлөт. Философия илиминде да ошондой. Бул жерде маселенин эки жагына көңүл буруу абзел. Алар, бир жагы – философиянын тили, экинчи жагы – тилдин философиясы.

Жогоруда тил менен ойчабыттын өз ара туташ байланышын айттык. Тил ойчабытты жана анын трансформациясын шарттоо менен таанып билүүнүн зарыл каражатына айланат. Философиянын тили жалпы элдик тилдин илимий тилге модификацияланган формасы. Айтып өткөндөй кыргыз тилиндеги философиялык изилдөөлөр соңку 20-30 жылдын ичинде улам активдешип баратат. Ушунун өзү акырындык менен философиянын тилинин, анын категориялдык-түшүнүктүк, терминдик каражаттарынын калыптанышына алып келет. Ал албетте, прозанын, поэзиянын, диндин тилинен айырмаланган өзгөчө автономдуу тил **[8. 107].** Философиянын тилинин, философиялык тексттин өзүнүн өзгөчө категориялдык-түшүнүктүк курамы бар. **[9. 25].** Албетте философиялык текст семантикалык жактан көп маанилүү болот. Бул жерде автордун жеке өзүнүн көз карашы, тигил же бул философиялык маселелерди таржымалдоосу да философиялык тексттин өзгөчөлүгүнө таасир берет **[10. 39].** Канткенде да философиялык текст өзүнүн татаалдыгы менен айырмаланат.

Философиялык текстти, анын тилин филологиялык, герменевтикалык, семиотикалык жактан талдоого болот. Филология, белгилүү болгондой жазма текстти тилдик жана стилдик жактан талдоо менен руханий маданияттын тарыхын жана маани-маңызын окуткан илим катары "өзгөчө улуттук колоритке каныккан, улуттук маданияттын өнүгүшүн шарттаган каражат" [**10. 207**]. Филологиялык талдоо дегенде философиялык тексттин тилдик, текстологиялык, логикалык, лингвистикалык–маданий, жактарына көңүл бурулат. Герменевтикалык талдоонун негизги максаты татаал жана көп мазмундуу философиялык текстти мүмкүн болушунча түшүнүктүү стилде түзүү **[11. 610].** Ушундай шартта гана философиялык текстти жеткилең түшүнүүгө жол ачылат. Семиотикалык талдоодо тексттеги түшүнүктөрдүн, терминдердин лингвистикалык-когнитивдик тактыгына, мазмун-маңызына өзгөчө көңүл бурулат. Бир сөз менен айтканда философиялык тексттин автору алды менен чебер жана сезимтал лингвист болуусу абзел. Философиялык дискурстун тилдик негизги стратегиясы – дүйнөнүн моделин тиешелүү философиялык-түшүнүктүк (когнитивдик) деңгээлде түзүүгө багытталат, башкача айтканда, философиялык текст өзүнүн канчалык татаалдыгына карабай көркөм адабий текст сымал түзүлсө түшүнүктүү болот.

Жогоруда тил жана философия диалектикасынын экинчи жагы -тилдин философиясы экендигин айттык. А.Ф. Лосев белгилегендей: "Философия бардык илимдердин, диндердин, искусствонун түрлөрүнүн ханышасы" **[12. 45]**. Адам баласы өз жашоосунда бул дүйнөнүн репрезентациясын, когнитивдик моделдерин тилде, сөздө туюнтулган түшүнүктөр аркылуу аңдап билет. Ушундан улам кийинки жылдарда тилдин философиялык константтарына кызыгуулар артууда. Л. Витгенштейн образдуу айткандай, философиянын бир чоң булуту бар болгону грамматиканын бир тамчысына гана тете. "Философия тил менен жуурулушуп, өз болмушун тилде гана тапкан" **[13. 144].** Тил менен философия адамзаттын дүйнөтаанымынын эки символикалык формасы, бири демейки деңгээлде, бири теориялык деңгээлде. Ал экөөнүн бир бүтүндүгү аркылуу гана дүйнөнүн ар кыл сырларын таанып билүүгө болот. Бекеринен академик Б. М. Кедров илимдердин үч бурчтугун түзгөндө бир бурчуна табият таануу илимдерин, бир бурчуна гуманитардык илимдерди коюп, ал эми эң үстүнкү бурчуна философияны койбогондур. Мындан улам тил философиясы да бардык лингвистикалык илимдердин туу чокусунда турат деп айтууга болот. Ошондуктан тилдин философиясын негиздөөчү В. фон Гумбольдт дүйнөлүк тилдердин тарыхын жалпы адамзаттын философиялык тарыхы менен туташ биримдикте карабагандыр [**14. 383].**

Жыйынтыктап айтканда илимди кыргыз тилинде сүйлөтүү маселеси дайыма актуалдуу. Бул актуалдуулук философия илими тууралуу сөз болгондо өзгөчө мааниге ээ болот. Байыркы тарыхы бар кыргыз элинин философиялык ойчабыты да кылымдар тереңинен башталган. Ошол чоң казынаны тил-рух-философия училтигинин бирим-

дигинде эне тилибизде изилдеп улантсак философия илиминин мындан ары өркүндөшүнө өбөлгө болмокчу. Ал эми Улуу ойчул, дүйнөлүк философия айдыңында Экинчи окутуучу аталган Ал-Фараби "өз доорунунун руханий-интеллектуалдык жана маданий ойчабытынын эпицентринде болуп, өзүнө чейинки философиянын учугун өзү сүйлөгөн тилде улантып өркүндөтүшү" **[15.43]** азыркы философия илимин эне тилде жүргүзүүнүн түбөлүк үлгүсү болуп кала бермекчи.

**Адабияттар:**

1. "Улуттук дем-дүйнөлүк бийиктик" уңгужол жөнүндө. – Бишкек шаары 2024-жылдын 18-декабры. ПЖ №389.
2. Салиев А. А. Акыл-эс дүйнөсү жана көркөм элес. –Фрунзе: Мектеп, 1981. 256 б.
3. Аль-Фараби. Трактаты об искусстве управления –М.: Бизнеском, 2011. 264с.
4. Баумейстер А. О. Рождение немецкого идеализма// https://youtu.be/-loa-oxpo64/siөyt7ilUxQ3aWZnuJ2
5. Галеева А. Р. Языковая реформа Ататюрка и её феноменальный успех// https://moluch.ru/archive/343/77287/
6. Алтмышбаев А. А. Общественно-политическая и философская мысль Киргизии // Очерки по истории философской и общественно-политической мысли народов СССР. – М.: Наука, 1956. Т.2. С.818-825.
7. Какеев А.Ч. Видному ученому философу – 85лет// Вестник КРСУ. Т.9. №6. С. 173.
8. Бибихин В. В. Язык философии. – М.: Наука, 1993. 389с.
9. Никифоров А. Л. Философия науки. История и метод. –М.: Наука, 1998. 264с.
10. Лихачев Д. С. О филологии. – М.: Высшая школа, 1989. 208с.
11. Гадамер Г. Г. Актуальность прекрасного. – М.: Искусство, 1991. 368с.
12. Лосев А. Ф. Хаос и структура. – М.: Мысль, 1997. 831 с.
13. Витгенштейн Л. Логико-филосфский трактат. – М.: АСТ, 2020. 160с.
14. Гумбольдт В. Фон. Язык и философия культуры. – М.: Прогресс, 448с.
15. Курмангалиева Г. К. Философия Аль-Фараби как феномен диалога культур // Тюркология. –Туркестан, 2016. №2. С.41-51